**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Б.Н.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАН-РОССИЯ ( СЛАВЯН) УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.12.18.570диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 340.114 (575.2) (043.3)**

**БОТОЕВА ЧЫНАРА КЫЧИЙЕВНА**

# МАМЛЕКЕТТИК ФУНКЦИЯЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН РОЛУ

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

**юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын авторефераты**

**Бишкек-2019**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынынА.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр Институтунун укук бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** юридика илимдеринин доктору,профессор Б.Н. Ельцин атындагы КОСУнун эл аралык жана конституциялык укук кафедрасынын башчысы **Борубашов Бекбосун Ишенбекович**

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору, доцент, Ж. Баласагын атындагы КУУнун жазык процесси жана соттук экспертизалар кафедрасынын профессору **Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна**

юридика илимдеринин доктору, профессор Абай атындагы КазИПУнун Сарбон-казак институтунун эл аралык укуктар кафедрасынын башчысы **Сабикенов Салахиден Нурсариевич**

юридика илимдеринин доктору, профессор Кыргызстан эл аралык университетинин эл аралык укуктар кафедрасынын профессору **Асаналиев Тилек Асаналиевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Каспий коомдук университети «Әділет» жогорку укуктар мектеби дареги: 050000, Казакстан Республикасы, Алматы шаары, Сейфуллин проспекти, 521

Диссертацияны коргоо 2019-жылдын «____»___________ саат 10:00доКыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун жана Б. Ельцин атындагы Кыргызстан-Россия славян университеинин алдындагы юридикалык илимдеринин доктору (кандидаты) илимий наамын изденип алуу боюнча Д.12.18.570 диссертациялык кеңештин отурумунда өтөт. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй пр., 265-а, 132, диссертациялык зал.

Диссертация менен КР УИАнын китепканасынан (дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй пр., 265-а), Б. Ельцини атындагы КРСУнун китепканасынан (дареги: 720000, Бишкек ш., Киев көч., 44) жана диссертациялык кеңештин сайтынан (http://www.disserlaw.krsu.edu.kg) таанышууга болот.

Автореферат 2019-жылдын _______________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты, доцент НасбековаС.К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Заманбап мамлекеттин көптөгөн суроолору, өзгөчө өткөөл мезгилдин шарттарында, мамлекеттеги олуттуу кайра түзүлүүлөргө алып келет да, жана заманбап Кыргыз Республикасына таандык, жаңы функциялардын бөлүнүп чыгуусун талап кылат. Анткени мамлекеттин функцияларында, мамлекеттеги эң эле терең жана туруктуу нерсе предметтүү түрдө чагылдырылат – анын маңызы, функциялар аркылуу мамлекеттин коомчулук менен болгон көп тараптуу байланыштарын таанып билүүгө болот.

Мамлекеттин функциялары маселеси дагы деле дискуссиялык бойдон калууда. Азыркы учурда аларды аныктоо жана классификациялоонун ар кандай жолдору бар, бул көп учурда функциялардын жалпысынан бирдиктүү түшүнүгү жок экендиги менен байланыштуу. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгү жана уюштуруу принциптерине тиешелүү маселелер, мамлекеттин функцияларын ишке ашыруудагы алардынролу, заманбап шарттарга жараша, дагы жетишсиз даражада чагылдырылган. Ал арада, укуктук мамлекетте, жарандык коомдо ички иштер органдарынын ишмердүүлүгү таптакыр башка ролго, башка социалдык милдетке ээ болот.

Кыргыз Республикасынын укуктук мамлекетти түзүү боюнча алынган жолу, мамлекетте адамдын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулук катары каралганын белгилейт*[Кыргыз Республикасынын Конституциясы27 июнь 2010 ж. [Текст] – Б., 2010. – 1б. 2 б.КР Мыйзам редакциясында28 декабрь 2016 ж. № 218]*.

Өлкөдө жүргүзүлүп жаткан укук коргоо органдарын реформалоо, албетте, коом менен мамлекет үчүн керектүү делген аткаруу бийлигинин органы, ички иштер органдарын дагы камтыды, анткени, аларга мамлекеттин маанилүү маселелеринин бирин чечүү жүктөлгөн – бул коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдардын ишмердүүлүгү менен уюштурулушуна тиешелүү болгон маселелерди чечүүгө бирдиктүү ыкмаларды иштеп чыгуу, алардын мамлекеттин функцияларын ийгиликтүү ишке ашыруусу үчүн негиз боло алмак.

Учурда Кыргыз мамлекетинин адамдын укуктары жана эркиндиктери менен өз ара карым-катнашы жана байланышынын көйгөйлөрү, жүрүп жаткан универсалдуу, жалпы адамдык баалуулуктардын органикалык биригүү процесстеринин көз карашы бурчунан, кайра ойлонуп чыгууну талап кылат. Бирок бул көйгөйлөрдү чечүү төмөнкүдөй терс көрүнүштөргө дуушар болот: кылмыштуулуктун өсүшү, бардык мамлекеттик түзүмдөргө коррупциянын сүңгүп кириши, бийлик үчүн күрөштүн күчөшү, жумушсуздуктун чукул өсүшү ж.б.у.с.

Мындай шарттарда укук коргоо органдарына көптөгөн маанилүү функцияларды аткаруу жүктөлөт. Мамлекет, негизинен, укук коргоо функциясын ишке ашырат, мамлекеттик бийликтин бардык бутактарына аны ишке ашыруу милдетин жүктөө менен. Бирок эгерде кээ бир органдар үчүн ал кошумча болсо, анда башкалар аны дал ушу ишке ашыруу үчүн жаралат. Бул ички иштер органдарына караштуу, аларды түзүү мамлекеттик ишмердүүлүктүн төмөнкүдөй сыяктуу маанилүү багыттарын туруктуу түрдө жана жогорку профессионалдык деңгээлде ишке ашыруу зарылчылыгынан улам келип чыккан: коомдук тартипти, инсандын жана коомчулуктун коопсуздугун камсыз кылуу жана коргоо, жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү.

Мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын абалына жана өнүгүү перспективаларына, белгилүү бир деңгээлде, жаңыча көз караш керек, ал коомчулукту башкаруунун дагы да ишенимдүү негиздерин орнотууну, мамлекеттин функциялары жана аларды ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролу тууралуу биздин элестетүүлөрүбүздү кайра ойлонуп чыгууну талап кылат. Бул маселени туура чечүү мамлекеттин өнүгүү перспективасын аныктоого, мамлекеттин органдары менен коомчулуктун күч аракеттерин иштин башкы, эң эле маанилүү, чечүүчү тилкелерине басым кылууга, кемчиликтер менен катачылыктарды минимумга келтирүүгө өбөлгө түзөт. Ошондуктан Кыргыз Республикасы жана анын функциялоо тажрыйбасы үчүн мамлекеттин функцияларын ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролу жөнүндөгү маселе эң эле актуалдуу жана маанилүү болуп келген жана ошол бойдон калууда.

Мамлекеттин функцияларын ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролун аныктоонун маанилүүлүгү актуалдуу теориялык жана практикалык мааниге ээ. Теориялык жактан бул мамлекеттик органдар системасында ички иштер органдардын укуктук абалы тууралуу бирдиктүү пикирди иштеп чыгуу үчүн маанилүү, ал эми практикалык жактан – ички иштер органдарынын маселелерин туура аныктоо үчүн, алардын түзүмүн, башка мамлекеттик органдары менен алардын ишмердүүлүгүнүн координациясынжакшыртуу үчүн маанилүү.

Ошондуктан мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу көйгөйлөрүн илимий иликтөө жана аларды ишке ашыруудагы Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролун аныктоонун зарылчылыгы келип чыкты.

**Диссертация темасынын илимий мекемелер жүргүзгөн негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер, ири илимий программалар менен болгон байланышы.**

Бул диссертациялык иликтөө түздөн-түз төмөнкүдөй мамлекеттик программалар менен байланышкан: Кыргыз Республикасынын 2018-2044-жж. Өнүгүүнүн улуттук стратегиясы,



Кыргыз Республикасынын Президентинин №221 Жарлыгы менен 2018-жылдын 31-октябрынан бекитилген *[Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жж. Өнүгүүнүн улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин №221 Жарлыгы менен 2018-жылдын 31-октябрынан бекитилген. [Электрондук булак]. – Жеткиликтүү режими: www.president.kg/sys/media /download /52135/*, мында Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү мезгилге өнүгүүнүн стратегиялык ориентирлери негизделген, ошондой эле биздин коомчулуктун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө өнүгүүнүн максаттарына жетүү жолдору жана негизги принциптери аныкталган.

Инсанды, коомчулукту жана мамлекетти жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө коопсуздуктун тышкы жана ички коркунучтарынан коргоо боюнча көз караштардын, идеялардын жана принциптердин расмий системасын чагылдырып турган маанилүү программа болуп №120, 2012-жылдын 9-июнунан Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы саналат *[Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин №120 Жарлыгы менен 2012-жылдын 9-июнунан бекитилген. [Электрондук булак]. – Жеткиликтүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru /61358/*, мында коркунучтардын алдын алуу, аларды жок кылуу жана нейтралдаштыруунун жана тийиштүү деңгээлде Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуунун, ошондой эле бул чөйрөдө эл аралык кызматташууну бекемдеп, өнүктүрүүнүн негиздери каралган.

Коомчулуктун мамлекеттик органдар системасынын ишмердүүлүгүнө болгон талаптар өсүүдө. Коомчулуктун тез өзгөргөн өнүгүү процесстер шарттарында, бул талаптар укук коргоо органдарынын бүтүндөй системасынын реформаланышын талап кылды, бул «Кыргыз Республикасынын Укук коргоо органдарын реформалоо концепциясын»кабыл алууга алып келди. *[Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарын реформалоо концепция, Кыргыз Республикасынын Президентинин №161 Жарлыгы менен 2016-жылдын 18-июлунан бекитилген]. [Электрондук булак]. – Жеткиликтүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru /69165/.*

2018-жылдын январында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылга карата «Жаңы доорго кырк кадам»Программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чаралар планы бекитилген. Бул иш-чаралар планына ылайык *[Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Жаңы доорго кырк кадам»программасын ишке ашыруу боюнча 2018-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чаралар планы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №74 токтому менен 2018-ж. 31-январынан бекитилген. [Электрондук булак]. – Жеткиликтүүлүк*

*режими:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru /11694/.* Аталган иш-чаралар планына ылайык, республикада укук коргоо органдарынын нөөмөттүк бөлүмдөрүнө келип түшкөн кылмыштар тууралуу арыздар менен билдирүүлөрдү каттоо процесси автоматташтырылды, тагыраак айтканда, «Электрондук КУП»кылмыштар тууралуу арыздар менен билдирүүлөрдү каттоо боюнча АИС ишке киргизилди.

Билдирүүлөр боюнча контексттик издөөнүн мүмкүнчүлүктөрү үчүн, чечимдерди кабыл алуунун мөөнөттөрүн жана ыкчам сводкаларды түзүүнү контролдук көзөмөлдөө үчүн материалдар менен кылмыш иштеринин жылып жүрүүсүн каттоонун автоматтык электрондук системасы (Кылмыштар жана жоруктардын бирдиктүү реестри) ишке киргизилди.

Укук коргоо органдарында учурда жүргүзүлүп жаткан реформалардын маанилүү багыты – Кыргыз Республикасынын жаңы Кодекстерин иштеп чыгуу жана кабыл алуу болду, тагыраагы төмөнкүлөр кабыл алынган: Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодекси; Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси; Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси; Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодекси; Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза аткаруу кодекси. Алар кылмыш саясатын жана, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнө болгон жаңы ыкмаларды гумандаштырууга багытталган. *[Электрондук булак]. – Жеткиликтүү режими: http://www.center.kg/article/31].*

**Диссертациялык иликтөөнүн максаттары болуп** заманбап баскычта мамлекеттин функцияларын ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролун комплекстүү илимий-теориялык иликтөө жана ачып берүү саналат, алардын жеке ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун жүрүшүндө жаралган, аныкталган көйгөйлөрдүн жыйынтыктарын, ошондой эле учурда ички иштер органдарын жакшыртуу жана реформалоо жолдорун эске алуу менен.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн, иликтөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй негизги **маселелер** чечилди:

1) бир катар илимий теориялар менен ыкмаларды жалпылаштыруу жана анализдөөнүн негизинде, мамлекеттин функцияларынын түшүнүгүн калыптандыруу;

2) теориялык жоболорду анализдөөнүн негизинде мамлекеттин функцияларын классификациялоонун базистик негиздемелерин аныктоо;

3) илимий изилдөөнүн негизинде заманбап мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун уюштуруучулук-укуктук формаларын аныктоо;

4) ар кандай жоболорду иликтөөнүн жана илимий анализдөөнүн негизинде, мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясын жана аны



5) теориялык жоболорго обзор жана анализ жүргүзүүнүн негизинде, мамлекеттин саясий функциясын ачып берүү жана аны Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан камсыздоо механизмин аныктоо;

6) мамлекеттин маалыматтык функциясын аныктоо жана аны Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары менен ишке ашырылышынын өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

7) заманбап дүйнөдө экологиялык функциянын маңызын негиздеп берүү жана аны ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролун аныктоо;

8) изилдөөнүн негизинде анализ жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын мамлекеттин укук коргоо функциясын ишке ашыруудагы көйгөйлүү аспектилерин чагылдыруу, өзгөчө, коомдук тартипти, инсандын жана коомчулуктун коопсуздугун камсыздоо жана коргоо, ошондой эле кылмыштуулукка каршы күрөштө;

9) каралып жаткан аспектинин көйгөйлүү тараптарын анализдөөнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин жакшыртуунун мүмкүн болгон жолдорун аныктоо;

10) изилдөөнүн негизинде заманбап шарттарда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдар системасын реформалоонун жолдорун жана көйгөйлөрүн аныктап чыгуу.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Ата мекендик юридикалык илимде биринчи жолу, заманбап этапта мамлекеттин алында турган маселелердин көп түрдүүлүгү менен байланышта жаралган көйгөйлөр жана чечилбеген суроолордун призмасы аркылуу, өлкөнүн социалдык-экономикалык, саясий жана башка чөйрөлөрүндөгү олуттуу кайра түзүлүүлөр менен байланышкан, мамлекеттин функцияларын ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролун комплекстүү укуктук изилдөө аракети көрүлдү.

Бул изилдөөдө, автор, учурда жүргүзүлүп жаткан реформаларды жана аларды укуктук демократиялык мамлекеттин ички иштер органдарына айлантууну эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын мамлекеттин функцияларын ишке ашыруудагы ролуна системалуу түрдө анализ жүргүзөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** иштелип чыккан теориялык жоболор жана тыянактар белгилүү даражада мамлекеттин функциялары түшүнүгүнүн көйгөйлөрү, алардын классификациясы жана ишке ашыруунун формалары боюнча, аларды ишке ашыруу механизминдеги ички иштер органдарынын ролу жөнүндө теориялык билимдерди кеңейтүүдө камтылат.

Диссертацияда камтылган сунуштар жана сунуштамалар мамлекеттин маңызы, формасы жана функцияларынын көйгөйлөрү

боюнча, социалдык-экономикалык, саясий, маалыматтык, экологиялык жана ишмердүүлүктүн башка чөйрөлөрүндөгү мыйзамдарды иштеп чыгууда жана жакшыртууда, мамлекеттик механизмдин ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча мындан аркы илимий изилдөөлөрдө колдонулушу ыктымал.

Корутунду менен сунуштар ички иштер органдарынын укуктук базасын жакшыртууда, алардын мамлекеттин функцияларын аткарууда, ошондой эле мамлекет жана укук теориясын, мамлекет жана укук тарыхын, салыштырмалуу укук таанууну окутууда, ички иштер органдарынын кызматкерлерин кызматтык даярдоо системасында лекцияларды жана башка окуу-методикалык материалдарды даярдоо үчүн пайдаланышы мүмкүн.

**Коргоого чыгарылып жаткан диссертациянын негизги жоболору:**

1. Кыргыз Республикасынын функцияларын теориялык изилдөөдө, баарынан мурда, мамлекетте болуп жаткан коомдук кайра жаралуулар процессин, орногон өткөөл мезгилдин татаалдыгын эске алуу зарыл.

Мамлекеттин функцияларынын түшүнүгүнө тиешелүү болгон бир катар илимий теорияларды жалпылаштырып, жана анализдөөнүн негизинде, мамлекеттин функцияларынын автордук аныктамасы калыптанды, ал төмөнкүнү түшүндүрөт, ***мамлекеттин функциялары*** *– бул объективдүү зарылчылык менен чакырылган, мамлекеттик ишмердүүлүктүн негизги багыттары, алар өнүгүүнүн ар бир конкреттүү баскычында турган маселелерди чечүүгө милдеттендирилген, анын маңызын жана социалдык маанисин аныктайт.*

2. Укуктук мамлекеттин функциялары мамлекеттин жогорку баалуулуктары катары, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери үчүн белгилүү бир ченемдер менен чектелиши керек. Бул чектөөлөр адам үчүн эң эле маанилүү делген жашоо ишмердүүлүгүнүн айрым чөйрөлөрүндө инсандын мамлекеттик кийлигишүүдөн автономдошуусун камсыздоого чакырат жана инсандын мамлекет жана анын органдары менен болгон анын мамилелеринде инсандын акыбалын кепилдеп турат. Мунун бардыгы учурда жүргүзүлүп жаткан укук коргоо органдарындагы реформалардын зарылчылыгын, кылмыш саясатын гумандаштырууга багытталган жаңы кодекстерди жана албетте Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнө болгон жаңы ыкмаларды кабыл алууну шарттайт.

3. Мамлекеттин функцияларын, заманбап Кыргызстандын түздөн түз функцияларын изилдөөнүн жана аларды классификациялоонун ар кандай ыкмаларын салыштыруунун негизинде, жана аларды ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролун аныктоого байланыштуу, автор мамлекеттин функцияларын үч позициядан алып карайт. Биринчи



позиция коомчулукту башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнөн карай ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн ачат. Экинчи позиция өткөөл мезгил шарттарында Кыргыз Республикасынын ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн аныктайт. Үчүнчү позиция Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн аларга жүктөлгөн маселелер жана алардын компетенцияларына жараша өзгөчөлүгүн эске алат.

4. Заманбап Кыргызстандын функцияларын ишке ашыруунун уюштуруучулук-укуктук формаларына болгон илимий көз караштардын анализинин контекстинде, бекитилгендей, биздин мамлекеттин механизминин практикалык функциялоосунда, анын функцияларынын ишке ашыруу процесси, белгилүү методдорду пайдалануу менен жана өз ара тыгыз байланышта болгон уюштуруучулук жана укуктук формаларда гана ишке ашырылат. Укуктук формалар уюштурулган ишмердүүлүксүз акылга сыйбайт, ал эми айрым учурларда уюштуруучулук формалар ишмердүүлүктүн укуктук формаларын ишке ашыруу үчүн ага чейинки этап же негиз болуп эсептелинет. Мамлекеттик ишмердүүлүктүн көрсөтүлгөн түрлөрүнүн өз ара тыгыз кызматташуусу дагы бир ирет кыргыз мамлекетинин функцияларын ишке ашыруунун формалары катары аларды окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгын баса белгилейт.

5. Кыргызстандын ишмердүүлүгүнүн ар кандай чөйрөлөрүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр, мамлекеттин динамикалуу өнүгүшүнө жана кайра өзгөрүшүнө карай багыты менен шартталган, мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясын карап чыгууну жана аны ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролун бөлүп чыгарууну аныктады.

Ар түрдүү көз караштарды анализдөөнүн негизинде мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясына карата автордук аныктама берилди: ***мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясы*** *– калкка көрсөтүлгөн социалдык-экономикалык коргоонун бүтүндөй чаралар комплексин камсыздаган, мамлекеттик ишмердүүлүктүн багыты.*

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын негизги маселелеринин бири болуп инсандын жана коомчулуктун коопсуздугун камсыз кылуу саналгандыктан, аларга башкы экономикалык-камсыздоочу подфункцияны кайра кайтарып берүү зарылчылыгы негизделет, ал жеке-менчик жана өндүрүүнүн мамилелери чөйрөсүндө ишмердүүлүктү түшүндүрөт.

6. Заманбап Кыргызстандын саясий функциясынын мазмуну өзүнө элдик бийликти, мамлекеттик суверенитетти камсыздоо боюнча, башка өлкөлөр менен ынтымактуу кызматташууну ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүктү камтып турат.

Коом саясатташуунун эң жогорку даражасына жетет, эгерде коомчулуктун турукташып калган маанилүү, артыкчылыктуу чөйрөлөрүндө

кайра жаралуулар жүрүп жатса. Мындай абалда учурда Кыргыз Республикасы дагы турат, бул саясий функцияны карап чыгууну жана аны ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролун аныктоону талап кылат. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгү дал ушул чөйрөдө, ар кандай саясий процесстерди өткөрүү учурлары көбөйүп кеткендигин эске алганда, өзгөчө татаалдыкты көрсөтүп турат.

Мамлекеттин саясий функциясын ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгү төмөнкүдө өзүнүн чагылдырылышын табары аныкталган: ички иштер органдары ар түрдүү саясий иш-чараларды өткөрүүдө коомдук тартипти камсыздап, ошондой эле жарандардын саясий укуктары менен эркиндиктерин, мамлекеттик жана коомдук коопсуздукту камсыз кылып, коргойт.

7. Мамлекеттин маалыматтык функциясы – *мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн маалымат тармагында укук-ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу, публикалык маанилүү маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо, жайылтуу жана көзөмөлдөө боюнча өзгөчө багыты, коомдун акыл-эс укугун калыптандыруу, укук тартибин, укуктук маданиятын жана башка укуктук баалуулуктарды орнотуу максатында, тагыраак айтканда, коомдун маалыматтык чөйрөсүн башкаруу*, деп негизделген.

Учурда маалыматтык коопсуздук кыргыз коомчулугунун жашоо-турмушунда маанилүү ролду ойнойт. Дал ушул маалыматтык коопсуздукту камсыздоодон гана көбүнесе коомдук, социалдык-экономикалык, саясий, экологиялык жана мамлекеттин бардык башка чөйрөлөрүнүн коопсуздугун камсыздоо көз каранды.

Инсандын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуунун көйгөйлөрүнүн маанилүүлүгүнүн кеңейишине байланыштуу, өзгөчө экстремизм, терроризм, радикализм сыяктуу коомдук бардык чөйрөлөрүн жабыркатып, жана тез өөрчүп барган кубулуштардын пайда болушу менен, ички иштер органдарынын ролу өсүүдө. диний-экстремисттик мүнөздөгү адабияттын пропагандасы жана жайылышына жол бербөө боюнча чараларды күчөтүү зарылдыгы негизделген, анткени диний экстремизм, баарынан мурда, ар бир өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч жаратууга багытталган. Ошондой эле ички иштер органдарына мамлекеттин маалыматтык функциясын мыйзамдык түрдө бекитүү зарылчылыгы негизделген.

8. Изилдөөнүн жүрүшүндө мамлекеттин экологиялык функциясын азыркы замандын негизги функцияларынын бири катары кароо керектиги аныкталды, анткени бул функция, башкалар менен айкалышып, келечек адамзат үчүн айлана-чөйрөнү, жаратылышты сактап калууга чакырат.

Айлана-чөйрөнү коргоо тармагында Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн башкы багыттары аныкталды,



буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын мамлекеттин экологиялык функциясын ишке ашырууга катышуусун мыйзамдык тартипте бекитүү негизделген.

9. Коомдук тартип бүтүндөй коомдун, ошондой эле жалпы мамлекеттин нормалдуу өмүр сүрүшүнүн жана өнүгүшүнүн сөзсүз милдеттүү шарты экени табылды, ал эми аны коргоо менен, биринчи кезекте, ички иштер органдары алектенет. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына автордук аныктама берилип, негизделген: ***Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары*** *– бирдиктүү, мажбурлоого укуктуу, коомдук тартипти,жеке инсандын,коомдун коопсуздугунсактоо жана кылмыш менен күрөшүүгөмилдеттери бар, мамлекеттикбийлигинин укук коргоо органы.*

Коомдук тартипти сактоодо ички иштер органдарынын ролу маанилүүлөрдүн бири болуп саналары аргументтелген, анткени аларды жаратуу туруктуу жана жогорку профессионалдык деңгээлде коомдук тартипти коргоо зарылчылыгынан улам келип чыккан, ошондуктан коомдо жана мамлекетте укук тартибин орнотууга өбөлгөлөйт.

10. Коомдук коопсуздук мамлекеттин нормалдуу функциялашы, туруктуу укук тартиби, башка мамлекеттер менен ынтымактуу кызматташуу үчүн башкы шарттардын бири болуп чыгат.

Жалпысынан коомдук коопсуздуктун коркунучтарынан алганда, бул чөйрөдөгү Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары жана стратегиялары белгиленген, бул да болсо, укук бузуу иш-аракеттерин алдын алуу жана болтурбоого, адамдын укуктары менен эркиндиктерин камсыздоого багытталган иштин зарылчылыгы менен аныкталат.

11. Кылмыштуулук менен күрөшүү мамлекетте маанилүү милдеттердин бири, анткеникылмыштуулук мамлекеттин өзүнүн жашоосун жок кылууга негиз берери аныкталды. Кыргыз Республикасында кылмыштуулук менен күрөшүү ички иштер органдарына жүктөлгөн. Ички иштер органдары мыйзамдуулуктун жана мамлекеттүүлүктүнсакталышынын күчтүк кепилдиги болуп саналышы менен байланышкан, анткенидал ушуларга гана өлкөнүн мыйзамдары аркылуу алдыга коюлган милдеттерди аткарууда куралдарды, атайын каражаттарды жана техникаларды белгиленген укуктун ченемдерине ылайык колдонуу укугу берилген.

Кылмыштуулук менен натыйжалуу күрөшүү үчүн Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн кылмыштуулуктун алдын алууну күчөтүүгө; анын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн келишим менен аракеттенүүсүн уюштурууга; бийликтин бардык тепкичтеги органдары менен конструктивдүү кызматташууга жана коомчулук менен тыгыз иштешүүгө багытташ керек. Мында көбүрөөк талаш-тартыш, кылмыштуулукка каршы аракеттенүүнүн реалдуу

механизми боло турган жаңы кылмыштык жана кылмыш-процессуалдык мыйзамдуулукта турат.

12. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн жана уюшкандуулугунун укуктук базасын анализдөөнүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө»Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамын кабыл алуу аркылуу ички иштер органдары тууралуу мыйзамдарды жакшыртуу зарылдыгы негизделген. Бул жаңы Мыйзамда ички иштер органдарынын функцияларын чагылдырып, аларды ишке ашыруунун тартибин, каражаттарын жана методдорун карап чыгуу керек, ошондой эле ички иштер органдарынын мамлекеттин негизги функцияларын ишке ашыруудагы катышуусун аныктоо маанилүү.

13. Каралып жаткан аспектинин көйгөйлүү тараптарын изилдөөнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын функцияларынын автордук аныктамасы калыптанды, ***Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын функциялары –*** *Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын мамлекеттик, адистештирилген ишмердүүлүгүндөгү негизги багыттар, алардын алдына коюлган өзгөчө маселелерди аткаруу, бекитилген максаттарга жетүү үчүн.*

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдар системасын реформалоонун көйгөйлөрүн заманбап шарттарда чечүү үчүн, мыйзамдарды жакшыртуу, ички иштер органдарынын түзүмдүкбөлүктөрүнө оптимизация жүргүзүү, алардын кызматкерлеринин компетенттүүлүгүн жогорулатуу керек, ошондой эле алардын социалдык, укуктук коргоо жана материалдык-техникалык жана финансылык камсыздалышын бекемдөө маселелерин чечүү зарыл.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертация өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп эсептелинет. Диссертант анын жаңылыгын жана практикалык маанилүүлүгүн түзгөн, коргоого чыгарылып жаткан жоболордо жеке өзү баяндады.

**Апробация жана изилдөөнүн жыйынтыктарын киргизүү.** Иште камтылган айрым жоболор Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясында Мамлекеттин жана укуктун теориясын окутуу процессинде пайдаланылды.Изилдөөнүн материалдары автордун публикацияларында чагылдырылып, ошондой эле илимий-практикалык конференцияларда баяндалган:«Содержание политической функции государства на современном этапе» // Вестник КРСУ. 2013. Т.13, №5;«Роль органов внутренних дел Кыргызской Республики в борьбе с экстремизмом» // Вестник Академии МВД КР. 2016; «Роль органов внутренних дел Кыргызской Республики в борьбе с международным



терроризмом» // Журнал Teoreticeskaâ I prikladnaâ nauka Theoretikal & Applied Science № 04 (60) 2018 Philadelphia, USA. 2018 ж.б.у.с.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толук кандуулугу.** Негизги жоболор, корутундулар жана илимий-практикалык сунуштамалар Кыргызстан, Казакстан жана Россиянын илимий журналдарында чыккан монографияда, илимий макалаларда чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, өзүнө 12 бөлүмдү камтып турган төрт главадан, корутундудан, практикалык сунуштамалардан жана пайдаланылган адабият тизмесинен турат. Диссертациянын толук көлөмү 280 бетти түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделет, коюлган максаттар менен милдеттер аныкталат, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү баяндалат. Коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболор калыптанып, негизделет, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы жана диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда толук кандуу чагылдырылышы жөнүндөгү маалыматтар келтирилет, диссертациялык иштин түзүлүшү тууралуу баяндалат.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан мамлекеттин функцияларын аткаруу чөйрөсүндөгү коомдук мамилелердин комплекси саналат.

**Изилдөөнүн предметин** мамлекеттин функцияларынын негизги теориялык аспектилери, бул бөлүктө бар болгон тенденциялар, карама-каршылыктар жана аларды чечүү жолдору, ошондой эле мамлекеттин функцияларын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнө тийиштүү болгон суроолор түзөт.

**Биринчи глава – «Мамлекеттин функцияларынын теориялык-укуктук негиздери»**, мында мамлекеттин функцияларынын жана аларды ишке ашыруудагы ички иштер органдарынын ролунун маселелерине арналган адабияттын обзору жана анализи жүргүзүлгөн.

**Биринчи бөлүмдө** –*«Мамлекеттин функцияларынын теориялык негиздери»* , юридикалык адабиятта мамлекеттин функцияларынын көйгөйлөрү, бул темага мамлекеттин функцияларынын теорияларын изилдөөнүн негиздери камтылган, бир топ көп фундаменталдуу изилдөөлөр арналганына карабастан, дагы деле олуттуулардын катарында тургандыгы белгиленет. Акыркы он жылдыкта дүйнөлүк аренада олуттуу өзгөрүүлөр жүрдү. Мына ошондуктан заманбап мамлекеттин көптөгөн маселелери, өзгөчө глобалдашуу доорунда, ар кайсы өлкөлөрдүн экономикаларынын дүйнөлүк айкалышуусу, информатизация, интернет

жана башка ушул сыяктуу шарттарда, чечилбеген бойдон калууда, бул көбүнесе мамлекеттин функциялары тууралуу таптакыр бирдиктүү концепция жок болгондугу менен байланыштуу.

Заманбап юридикалык илим аталган тармактагы изилдөөлөргө жардамдаша турган, кеңири материалды камтып турат. Муну менен катар, Кыргызстанда ички иштер органдарынын мамлекеттин функцияларын аткарууда комплекстүү катышуу маселелери изилденген эместигин белгилей кетүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын функцияларынын айрым маселелери Ч.И. Арабаев, Т.А. Асаналиев, А.Н. Аюпов, Ж. Баласагын, Э.Ж. Бейшембиев, Б.И. Борубашов, Т.А. Жумабекова, Б.К. Кожомбердиев, Э.Э. Молдоев,
Г.А. Мукамбаева, Ж.А. Мурзакулова, Н.Р. Розахунова, У.М. Самудинов, С.С. Сооданбеков, Б.Т.Токтобаев, М.К.Укушев, Н.Т.Шериповдинжана башкалардын эмгектеринде чагылдырылган.

Жүргүзүлгөн изилдөөдө мамлекеттин функциялары чөйрөсүндө жалпы бардыгы тарабынан таанылган, советтик жана заманбап россиялык окумуштардын эмгектери пайдаланылды: С.С. Алексеев, В.С. Афанасьев, М.И.Байтин,А.Б.Венгеров,А.И.Денисов,Л.И.Загайнов,Л.И. Каска, С.А. Комаров, В.М.Корельский, Б.П. Курашвили, В.В. Лазарев, М.Н. Марченко, А.В.Мелехин, Л.А.Морозова,В.С.Нерсесянц,В.С.Петров,И.С.Самощенко, В.М. Сырых, Ю.А. Тихомиров,Н.В.Черноголовкин, В.М. Чхиквадзе жана башкалар.

Мамлекеттин функциялашы проблематикасынын айрым аспектилерин иштеп чыгууда олуттуу салымын Казакстандын дагы илимпоздору калтырды: Е.Б.Абдрасулов,М.Т.Баймаханов,Ж.Д.Бусурманов,С.М.Мухтарова,С.Н. Сабикенов, Г.С. Сапаргалиев жана башкалар.

Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу механизминде ички иштер органдарынын орду менен ролун аныктоо маселелерин изилдөөнүн негизине А.Г.Братко,А.И.Гнатенко, К.Ф. Гуценко, М.А. Ковалев, А.И. Ипакян, Т.К. Примак, Г.А. Туманов, В.П. Федоровдун жана башкалардын эмгектери алынган.

ДиссертацияныжазуудаН.Б.Аленкина,М.А. Бухтерева, А.Н. Васенина, А.Б. Каримов, С.Е. Коробов, В.С. Кудря, А.Б. Найманбаев,, С.И. Нефедов, Б.К. Оторова, Э.Р. Чернова, А.А. Багинжана башкалар жүргүзгөн, акыркы жылдардагы изилдөөлөр эске алынган.

Иште, эл аралык-укуктук документтер менен катар, диссертациянын темасына тиешелүү болгон Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен мыйзам алдындагы актылары анализденет.

М. Баймаханов туура белгилегендей, «мамлекеттин функциялары тууралуу биздин көрүнүштөрдү олуттуу оңдоо боюнча теориялык жана практикалык зарылчылык келип чыкканы, демек, алар азыр аткарган өлкө



ичиндеги жана эл аралык аренадагы ролу тууралуу түшүнүгүбүздү да өзгөртүү керек экендиги»толугу бойдон анык [*Баймаханов, М.Т. К разработке современной концепции функций государства [Текст] / М.Т. Баймаханов // Прав. реф. в Казахстане. - 2001. - № 4. - С. 28]*.

Юридикалык адабиятта мамлекеттин функциясы түшүнүгү жөнүндө ар кандай ой-пикирлер бар. Кээ бир авторлор мамлекеттин функциясы деп анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын атаса, айрымдары – анын социалдык милдетин, үчүнчүлөр – ишмердүүлүгүнүн мазмунун, төртүнчүлөр – ишмердүүлүктүн тараптарын түшүнөт, тараптары дегенде, аны камсыз кылган каражаттар менен ыкмалар, мазмунун чагылдырып турганпрактикалык ишмердүүлүктү, ошондой эле «учурдагы максаттарды чечүүнүн натыйжасында ишке ашырылган»«максаттар система же «максаттар-функциялар», мындан сырткары дагы башка бир катар аныктамалар бар*[Лазарев, В.В., Липень С.В. Теория государства и права [Текст] / В.В. Лазарев, С.В. Липень. М., - 2010.- С. 108; Морозова, Л.А. Теория государства и права [Текст] / Л.А. Морозова. М.,- 2011.- С. 67]*.

Айрым авторлор «мамлекеттин функциясын мамлекет аткарып жаткан роль катары аныктоого мүмкүн»деп эсептейт*[Дембицкий, А.А. Понятие функции государства: сущность и определение [Текст] / А.А. Дембицкий// Ученые записки Орловского государственного университета. – 2014. – № 4, (60). – С. 238]*.Алар мамлекеттин социалдык ролуна таянып, функциялар тууралуу маселе социалдык институттун же социалдык процесстин өзгөчө ролу жөнүндөгү маселе катары коюулушу ыктымал деген тыянакка келишет. Мамлекет социалдык институт катары, албетте, ага коом ичинде бөлүнүп берилген ролду аткарат, ал эми функциялар, өз кезегинде, бул ролду жүзөгө ашырууга багытталат, бирок бул аталган түшүнүктөр бири-бирине барабар экендигин билдирбейт. Мамлекеттин функциялары коомдун ичинде мамлекетке берилген ролго жетүү каражаты катары гана чыгат.

Ошондой эле «мамлекеттин функциясы деп мамлекеттин ишмердүүлүгүн эмес, муну менен катар азыр мамлекет өзүнүн алдына коюп жаткан максаттарды жана милдеттерди эмес, анын бийлик актыларын ишке ашыруунун формалары гана түшүнүү керек»деген көз караштар да жашайт*[Усанов, В.Е. Общая теория государства и права: государство [Текст] / В.Е. Усанов. – М., 2009. - С. 112]*. Бул учурда «мамлекеттин функциясы»түшүнүгү «мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу формалары»түшүнүгү менен айкалышат, буга болсо жол берилбейт, анткени мамлекеттин функциялары белгилүү ишмердүүлүктү божомолдосо, ал эми формалар мамлекеттин бул ишмердүүлүгү кандай тышкы көрүнүшкө ээ болорун, ал кандайча тариздселгенин көрсөтүп турат.

Мамлекеттин функцияларын теориялык изилдөөдө, «мамлекеттин функциясы»түшүнүгүн аныктоодо ар кандай көз караштарга жана

ыкмаларга ээ болуу, акылга сыярлык жана түшүнүктүү болуп саналат, каралып жаткан кубулуштун татаалдыгы менен көп кырдуулугун эске алганда. Көбүнесе, мамлекеттин функциялары анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары катары аныкталат, мында анын маңызы менен социалдык милдети чагылдырылат. Жана бул себептен, аталган ыкмадан баш тартуу максатка ылайыктуу.

Мындан улам, заманбап мамлекеттин функцияларын *объективдүү зарылчылык менен чакырылган, мамлекеттик ишмердүүлүктүн негизги багыттары, алдында турган маселелерди өнүгүүнүн ар бир баскычында чечүүгө чакырылган, анын маңызы менен социалдык милдетин аныктайт* деп түшүнсө болот.

Кыргыз Республикасы алган укуктук мамлекетти куруу багыты адамдын укуктары менен эркиндиктерин мамлекеттин жогорку баалуулуктары катары кароону шарттайт.

Ошондуктан укуктук мамлекеттин функциялары адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери үчүн, мамлекеттин жогорку баалуулуктары катары, белгилүү бир ченемдер менен чектелиши абзел. Бул чектөөлөр адам үчүн өтө маанилүү болгон жашоо ишмердүүлүгүнүн айрым чөйрөлөрүнө мамлекеттик кийлигишүүдөн инсандын автономиясын камсыздоого жана инсандын мамлекет жана анын органдары менен болгон мамилелериндеги абалын кепилдөөгө чакырылган. Мунун бардыгы укук коргоо органдарында учурда жүрүп жаткан реформалардын, жаңы мыйзамдын кабыл алынышынын зарылдыгын шарттап турат, алар кылмыш саясатын жана Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнө жаңы ыкмаларды гумандаштырууга багытталган.

**Экинчи бөлүм** *«Мамлекеттин функцияларынын классификациясынын негиздери»* деп аталып, анда мамлекеттин функцияларын классификациялоонун ар кандай критерийлери изилденген.

Мамлекеттин функцияларын классификациялоо маселеси да маанилүү маселелердин катарында турат, анда окумуштуулардын көңүлү кунт бурулган. Б.Т.Токтобаев туура белгилегендей, «классификация, мамлекеттин функцияларынын теориясын изилдөөдө маанилүү роль ойнойт, себеби ал функциялардын ар түрдүүлүгүн, мамлекеттик ишмердүүлүктүн көп аспектүүлүгүн, ошондой эле мамлекеттин башка социалдык кубулуштар менен байланышынын көп түрдүүлүгүн, анын эволюциясынын этаптуулугун эске алат»[*Токтобаев, Б.Т. Функции государства [Текст] / Б.Т. Токтобаев. – Бишкек, 2002. - С. 40]*.

Мамлекеттин функцияларын классификациялоонун түздөн түз максаты – аларды дагы да терең жана ар тараптуу изилдөө жана натыйжалуу пайдалануу үчүн шарттарды түзүү. Ал ишмердүүлүктүн негизги багыттарын жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет, дээрлик мамлекеттин функцияларына



эмес, а дифференцияланган, алардын айрым түрлөрү, топтору же – өзүнчө алынган функцияларына карата.

Юридикалык теорияда, өзгөчө, практикада дагы мамлекеттин функцияларынын классификациясынын көптөгөн негиздемелери (критерийлери) бар. Аларды, мисалы, алар ишке аша турган аймактык масштабдын негизинде бөлүштүрүшөт*[Кудря,В.С. Функции правового государства, находящегося в становлении [Текст]:дис. ... канд. юрид. наук:12.00.01 / В.С. Кудря - М., 2005.- С. 136]*,алардын өмүр сүрүшүнүн узактыгына жараша *[Венгеров А.Б. Теория государства и права: учебное пособие [Текст] / А.Б. Венгеров. – М., 1998. - С.108]*,мамлекеттик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү боюнча*[Байтин, М.И., Сенякин И.Н. Теория государства и права: курс лекций [Текст] / М.И. Байтин, И.Н.Сенякин - М., 2002. - С. 64–75]*, максаттар жана маселелер боюнча, аларды ишке ашыруу формалары боюнча, бийликти бөлүштүрүү принциби боюнча*[Теория государства и права [Текст] / Н.А. Катаев, В.В. Лазарев. - Уфа, 1994. - С.166]*.

Көптөгөн критерийлердин арасынан мамлекеттин максаттары жана милдеттери критерийи өзгөчө көңүл бурууга арзыйт, анткени мамлекеттин функцияларында мамлекеттин маңызы менен гана эмес, ошондой эле анын түздөн түз, өнүгүүнүн тигил же бул деңгээлинде алдында турган негизги максаттары менен маселелери менен да тикелей байланышы байкалат.

Максаттары менен милдеттерине жараша мамлекеттин функциялары ички жана сырткы, негизги жана негизги эмес, убактылуу жана туруктуу болуп бөлүнөт.

Илимий адабиятта мамлекеттин негизги жана негизги эмес функцияларын аныктоо, алардын айырмаланып турган өзгөчөлүктөрүн аныктоо боюнча көп аракеттер көрүлгөн *[Марченко, М.Н. Теория государства и права [Текст] / М.Н.Марченко.- М., 2004.- С. 127; Комаров, С.А. Общая теория государства и права [Текст] / С.А. Комаров. – СПб., 2011- С.68-69]*. Мамлекеттин негизги жана негизги эмес функцияларын кароодо, бир гана тигил же бул мезгилде артыкчылыктуу функцияларды карабастан, жөнөкөй, кадимки, күнүмдүк шарттардагы функцияланышын да кароо зарыл, ошондуктан мындай бөлүштүрүү шарттуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын функцияларын алганда, баарынан мурда, жүрүп жаткан мамлекеттеги коомдук өзгөрүүлөр процессин, учурдагы мезгилдин татаалдыгын, ошондой эле Кыргыз мамлекетинин максаттарын жана ал аныктаган милдеттерди эске алуу зарыл. Цивилизациялык өзгөрүүлөргө карай алынган багыт Кыргызстанды кайра түзүү, модернизациялоо, анын демократиялык жаңыланышы жана экономикалык кайра жаралышына багытталат.

Ар бир мамлекет коомдук турмушунун эң эле маанилүү чөйрөлөрүндө функцияларын ишке ашырууда муктаждыгын сезет жана Кыргызстан дагы бул

багытта четте калбайт. Ошондуктан заманбап Кыргыз Республикасынын функцияларын кароодо социалдык-экономикалык жана саясий функциялар сыяктуу маанилүүлөрүн аныктоого болот, ал эми маалыматтык чөйрөдө эл аралык өз ара кызматташуунун өсүп жаткан тенденцияларына байланыштуу глобалдык, жалпы планеталык маалыматтык мейкиндикти эске алганда, ошондой экологиялык көйгөйлөрдүн күч алуу фактысын эске алганда, мамлекеттин маалыматтык жана экологиялык функцияларын да бөлүп кароого болот.

Заманбап кыргыз коому, өнүгүүнүн демократиялык жолун тандоо менен, укуктук мамлекет түзүп, башкаруунун жаңы принциптери менен методдорун ишке ашырууга милдеттүү. Бул багытта негизги маселе болуп мамлекеттин башкаруунун жалпы демократиялык моделдерине жана өзгөчө укук коргоо органдарына ориентациясы калууда.

Бул жоболор Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгү үчүн да принципиалдуу мааниге ээ, алар башка укук коргоо органдары менен бирге укуктук тартипти сактоо, жарандардын мүлк укугун, жеке укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо сыяктуу мамлекеттик ишмердүүлүктүн мындай багытынын сап башында турат.

Мамлекеттик функцияларды ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролу, баарынан мурда, алар ишке ашырган укук коргоо функцияларынын өзгөчөлүктөрү менен, ошондой эле мамлекет тарабынан аларга жүктөлгөн, мыйзамдуулуктун юридикалык кепилдиктери менен шартталган, милдеттердин спецификасы менен аныкталат.

Мындан улам, Кыргыз Республикасынын функцияларын классификациялоо маселеси үч позицияда каралышы ыктымал. Биринчи позиция коомду башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнөн улам чыккан ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Экинчи позиция Кыргыз Республикасынын ишмердүүлүгүнүн өткөөл мезгил шарттарындагы мүнөзүн аныктайт. Үчүнчү позиция милдеттери жана компетенцияларына ылайык Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн спецификасын эске алат.

**Үчүнчү бөлүмдө** – *«Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун уюштуруучулук-укуктук формалары»* – заманбап мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун уюштуруучулук-укуктук формаларын илимий изилдөөнүн анализи ишке ашырылган.

Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу формаларынын маселелери бир топ маанилүү, анткени мамлекеттин функцияларынын өнүгүшү жана жакшырышы бир гана алардын курамында эмес, ошондой эле аларды ишке ашыруунун формаларында дагы конкреттүү чагылдырылган.

Юридикалык адабиятта мамлекеттик функцияларды ишке ашыруунун формалары түшүнүгүнө карата негизинен бирдиктүү ыкма калыптанып калган. Бул термин мамлекеттин ишмердүүлүгү кандай тышкы көрүнүшкө ээ болот, ал кантип тариздеGenин көрсөтөт. Ошентип, мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун формалары катары мамлекет механизминин негизги звенолорунун



ишмердүүлүгү түшүндүрүлөт, мунун жардамы менен анын функциялары ишке ашырылат.

Мамлекеттик ишмердүүлүктүн формаларын түшүнүүдө салыштырмалуу биримдик бар, юридикалык адабиятта аларды классификациялоо маселеси талаш-тартыштуу бойдон калууда. Анын үстүнө, учурда мамлекеттик функцияларды ишке ашыруу формаларынын санын жогорулатуу жана алардын классификациясын татаалдаштыруу тенденциясы табылууда. Бул тенденция кокусунан алынган эмес. Ал бүтүндөй мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнүн тикелей натыйжасы, өзгөчө, милдеттер менен функциялардын масштабдуулугу жана мазмуну боюнча, ар тараптуу интеграция, мамлекеттик органдардын ролунун өсүшү ж.б.у.с. боюнча мамлекеттик ишмердүүлүктүн татаалдашы.

Ар түрдүү авторлор мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун формаларынын ар түрдүү варианттарын сунушташат.

Биринчи вариантты сунуштаган авторлор мамлекеттик функцияларды ишке ашыруунун 5 формасын сунушташат. Мисалы, Г.И. Петров мындай дейт: жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү жетекчилик, президенттик, башкаруучулук, соттук жана прокурордук ишмердикти ишке ашыруу боюнча толук бийликтүү ишмердик *[Петров, Г.И. Сущность советского административного права [Текст] / Г.И. Петров. – Л., 1959. -С. 33]*.

Экинчи вариантокумуштуулар төрт форманы сунушташат. Мисалы Э.Р. Чернова жана А.А. Багин мыйзам чыгаруучу, башкаруучулук же аткаруучулук, соттук жана контролдоочу-көзөмолдөөчү [*Чернова Э.Р., Багин А.А. Формы осуществления функций государства публичными органами власти [Текст] / Э.Р. Чернова, А.А. Багин // Аллея науки. - Уфа, 2017. - С. 438-441]*.

Акыркы үчүнчү вараинттын авторлору үч форманы сунушташат. Мисалы Л.А. Морозова, В.С. Нерсесянц, В.А. Четвернин бийликтин үч бутагына таянып, мамлекеттин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук функцияларын кнегизги критерий катары алышат [*Морозова, Л.А. Функция Российского государства на современном этапе [Текст] / Л.А. Морозова // Государство и право. 1993. № 6. – С. 98; Нерсесянц, В.С. Теория права и государства [Текст]/ В.С. Нерсесянц – М.,1998 - С. 67–68; Четвернин, В.А. Демократическое конституционное государство: введение в теорию [Текст] / В.А. Четвернин. - М., 1993.- С. 56–58]*.

Контролдоонун түрлөрүнүн, формаларынын жана көрүнүштөрүнүн бир нече түрү бар. Мисалы, С.Н. Сабикеновдуку боюнча, ал контролдоо менен көзөмөлдөөнүн түрлөрүн мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө мыйзамдуулугу боюнча классификациялайт: мамлекеттик контроль, административдик көзөмөл, прокуратура органдарынын жалпы көзөмөлү, соттук контроль, коомдук контроль [*Сабикенов С.Н. О соотношении судебного контроля и прокурорского надзора в осуществлении конституционного режима в переходном обществе [Текст]/ С.Н. Сабикенов // Материалы межд. научно-теоретич. конф. «Право,*

*государство, демократия в условиях общественных изменений» - Алматы. 2003. - С. 67].*

Белгилеп кетчү нерсе, мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу процессинде укуктук эмес формалар уюштуруучулук-даярдоочу иштердин көбүн камтыйт. Мындай ишмердик керек жана укук ченемдүү, бирок ал өзүнүн аркасынан кесепеттерге алып келүүчү укуктук маанилүү аракеттер менен байланышкан эмес. Бул жерде укуктук эмес формалар таптакыр эле укук менен жөнгө салынбайт дегенди билдирбейт. укуктук эмес формалар жалпысынан мыйзамдуу ишмердик болуп саналат, алар колдонуудагымыйзамдардын алкагында, тигил жу бул органдын компетенциясынын чегинде ишке ашырылат.

Мамлекеттин механизмдеринин чындап иштеши менен, ал функцияны ишке ашыруу процессинде мамлекеттик ишмердин бул эки түрү тең органикалык жактан бири-бири менен өз ара тыгыз байланышкан. Укуктук формалар, буга чейин көрсөтүлгөндөй, таптаза уюштуруучулук ишмердик болбосо, мүмкүн эмес, а айрым учурларда укуктук эмес формалар ишмердиктин укуктук формаларын ишке ашыруу үчүн жол көрсөтүүчү этап же негиз болуп саналат. Мамлекеттик ишмердигинин аталган түрүнүн чырмалышып калышы дагы бир жолу аларды мамлекеттин функциясы катары ишке ашыруунун формасы катары өзүнчө атайын изилдөөлөр керек экендигин тастыктайт.

**Экинчи глава – «Кыргыз Республикасынын азыркы учурдагы негизги функциялары жана алардын ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылышы»**деп аталып,Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тарабынан ишке ашыруу чөйрөсүндөгү коомдук карым-катнаштар каралат.

Көпчүлүк окумуштуу-юристтер карманган жалпы позицияны бөлүштүрүү менен, автор мамлекеттин функцияларын ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролуна байланыштуу айрым жоболорду талдап чыгууга жана алардын жалпы методологиялык базасын табууга аракет жасаган.

**Изилдөөнүн методологиясын** материалисттин дислектиканын жалпы таанып билүү методу түздү. Мындан тышкары иште социалдык-философиялык,конкреттүү-социологиялык,салыштырма-юридикалык,системдүү- структуралык,логикалык, тарыхый-укуктук жана башка изилдөөнүн илимий методдору колдонулду.

**Биринчи бөлүм** –*«Мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясы жана анын кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылышы»*деп аталып, мамлекеттик социалдык-экономикалык функциясы, ошондой эле анын Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тарабынан ишке ашырылышы каралат.

Социалдык мамлекет идеясын залкар ойчул Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” чыгармасынын да табууга болот. Ал мындай деп эсептейт: “жападан жалгыз социалдык топтор жана класстар менен гармониялуу карым-катнаштарды орнотуу жолу менен социалдык акыйкаттуулукту бекитүү бул мамлекеттин башкаруунун гумандуу мыйзамынын иштелип чыгышы деп саналат” *[Баласагуни*



*Юсуф Хас Хаджиб Благодатное знание [Текст] /Ю. Баласагуни / Перевод С.Н. Иванова. – М., 1983. – С. 217].*

Ар бир мамлекет өз жарандарына кам көрүү менен социалдык функцияны аткарат. Г.С. Сапаргалиев белгилегендей, бардык эле мамлекет социалдык мамлекет *[Сапаргалиев, Г.С. Основы государства и права Казахстана [Текст] / Г.С. Сапаргалиев. – Алматы: «Атамура», 2000. – С. 44]*. Бирок мамлекет тарыхый өнүгүүсүндө өзүнүн милдети экендигин таанийт, ошону менен адамга мамлекет тараптан жардам алуу укугун кайыр сурагандай эмес, а өзүнүн демилгеси менен кепилденген укуктарды берет, мамлекет өз мойнуна алган социалдык функцияларды аткарууга аракеттерди жасайт. Жарандардын жашоо шартын жакшыртууну камсыздоо милдетин өзүнө алуу менен, социалдык мамлекет эми бул милдетти өзүнөн таптакыр алып салышы таптакыр мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын коомдук жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө акыркы жылдары болуп өткөн окуялар социалдык маселелерди чечүүдө кечиктирилгис чараларды көрүүнү өзгөртүү керектигин айкындады. Профессор Б.И. Борубашев туура белгилегендей, “Социалдык өзгөрүүлөр терендеп баткан маалда, айрыкча өлкө ичинде, коомчулуктагы социалдык-экономикалык жана саясий-укуктук мамилелерди өркүндөтүү жөнүндө маселе курч көтөрүлөт, а мунун өзү өлкөнү жаңыртуу боюнча конституциялык реформалар жана жалпы мамлекеттик программалар дайыма болуп турушу керек экендигин тастыктайт” *[Борубашов, Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (1855-1917 гг.) (Историко-правовое исследование) [Текст]: автореф. дис. ... д-ра юрид. наук: 12.00.01 / Б.И. Борубашов. – Бишкек, 2009. – С. 2].*

Кыргыз Республикасында калктын социалдык аярлуу катмарын колдоо боюнча белгилүү бир чаралар ишке ашырылат. Бирок бул колдоолордун, тилекке каршы, алардын материалдык абалын жакшыртууга эч кандай түрткү бербейт. Башка булактарды издөөгө учур келди, анткени алар бул жааттагы кырдаалды жакшыртууга жол ачат. Эмгекке жарамсыз калктын муктаждыктарын толук камсыздоо – бул ар бир өнүккөн нормалдуу өлкөнүн ыйык милдети.

“Кыргыз Республикасында калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамында турмуштук кыйын абалга кабылган адамдарга көрсөтүлүүчү социалдык-экономикалык, укуктук мүнөздөгү социалдык кызматтардын комплекси катары социалдык колдоо түшүнүгү берилет. Бирок социалдык колдоо түшүнүгү менен бирге социалдык камсыздандыруу деген сыяктуу да түшүнүктөр бар.

Ошондуктан, юридикалык адабияттардагы пикирлер менен толук келүүгө болот, анткени элдин социалдык-экономикалык укуктарын толугу менен ишке ашыруу үчүн мамлекет калктын социалдык аярлуу катмарынын социалдык жактан корголушу жана алардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча конкреттүү, укуктук механизмдери так көрсөтүлгөн зарыл чараларды көрүүгө тийиш.

Бул көйгөйдүмыйзамдык деңгээлде чечиш үчүн Кыргыз Республикасында элди социалдык коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын иштеп чыгууну жана кабыл алууну баштоону зарыл деп эсептейбиз, бул мыйзамда социалдык камсыздоонун, социалдык колдоонун жана социалдык камсыздандыруунун негизги принциптерине тийиштүү ченемдер каралууга тийиш. Ошондуктан социалдык мыйзамдарды кодификациялоо социалдык функциянын жашашы үчүн негизги багыттардын бири катары чыгат.

Адамдын жашоосунун негизин экономика түзөт. Мамлекет экономикалык пайдубалы жок болсо, эч кандай нормалдуу иштей да, экономикалык жактан өнүгө да албайт. Ал эми пайдубал, базис деп демейде бул коомдун экономикалык (өндүрүштүк) карым-катнаштар системасы түшүнүлөт, анда менчиктин бардык формалары турат.

Көңүл буруучу нерсе, экономикалык каатчылыктар жылдары, депрессия абалы, өткөөл мезгилдерде мамлекеттин экономикага кийлигишүүсү кыйла жогору болууга тийиш. Буга азыркы Кыргыз Республикасынын өнүгүү этабы мисал болуп бере алат. Тажрыйба көрсөткөндөй, биздин өлкөдө экономикалык процесстердин өнүгүшү мамлекеттин активдүү таасири болбосо алдыга жылбай жаткандыгын көрүп турабыз.

Мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясын мамлекеттин ишмердигинин бир багыты да катары аныктоого болот, анткени ал калк үчүн сунуш кылынган социалдык-экономикалык коргоо чараларынын бүтүндөй комплексин камтып турат.

Эгемендүүлүк алгандан кийинки мезгилде Кыргызстандын экономикалык системасы олуттуу өзгөрдү. Эл чарбасында майдаланып бөлүнүүчүлүк жүрдү, көп тармактуу экономика жаралды, менчиктин ар түрдүү формалары пайда болду. Мамлекеттик өндүрүштүк сектор азыр таптакыр башка экономикалык чөйрөдө иштей баштады. Өзүнүн жетектөөчү абалын жана мамлекеттин чексиз колдоосун жоготуп, ал экономиканын башка секторлору менен атаандашууга мажбур; анын ишканалары эми дүйнөлүк рынокторго өздөрү өз алдынча издеп таап, чыгууга аргасыз.

Бирок бул чаралар улуттук экономиканы натыйжалуу өнүктүрүү үчүн жетишсиз. Экономиканын тигил же бул тармагын өнүктүрүүгө артыкчылык берген программаларды иштеп чыгып, аларды ишке ашыруу зарыл. Илимий-техникалык прогрессти камсыздап, энергетикалык коротууларды кыскартып, айлана-чөйрөнү сактоо ж.б. керек. Мамлекет экономикада эмнелер, кандай өзгөрүүлөр болуп жаткандыгына дыкат көңүл буруп, аларга кандайдыр бир жагымсыз көрүнүш жаралары менен кескин жооп кайтарууга даяр болушу шарт. Ошондуктан мамлекеттин экономикалык милдеттеринин бири азыркы учурда – бул айрым экономикалык процесстерди башкарууну координациялоонун иштей турган механизмдерин түзүү болуп саналат.

Мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясын ишке ашыруудагы дагы бир маанилүү ролду ички иштер органдары ойнойт, анткени алар өз ишмердигинде өзүнө таандык функционалдык милдеттерди аткарууда тигил же



бул өлчөмдө социалдык-экономикалык мүнөздөгү көйгөйлөр менен кагылышат. Социалдык-экономикалык саясатты камсыздоодо ички иштер органдарынын ролун жогорулатуу зарыл, маанилүү көйгөйлөрдү чечүүдө алардын болгон күчүнө багыттоо зарыл, жаңы механизмдерди иштеп чыгуу менен финансылык жана материалдык ресурстарды рационалдуу пайдаланууну камсыздоо зарыл.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын негизги милдети инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыздоо болуп саналарынан алып караганда,аларга башкы экономикалык-камсыздоочу подфункцияны кайтарып берүүгө таянат, ал менчик жана өндүрүшкарым-катнаштары чөйрөсүндөгү ишмердикти карайт.

**Экинчи бөлүм** – *«Мамлекеттин саясий функциясы жана анын Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тарабынан ишке ашыруу механизмдери»*деп аталып, мамлекеттин саясийфункциясы ачылып берилет, аны Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тарабынан ишке ашыруу механизмдери аныкталат.

Саясий чөйрөдө мамлекеттин ишмердиги өтө көп кырдуу жана маңызы боюнча мамлекеттин башка функцияларды натыйжалуу аткаруусуна шарттарды түзүүдө башкы орунда турат. Дал ушул саясий функция коомчулукта мамлекеттин экономика, социалдык сыяктуу ж.б. багыттардын жагымдуу өнүгүүсүнө мүмкүндүк берүүчү зарыл пайдубалды түзүп берет.

Мамлекеттин саясий функциясы, баарынан мурда коомдук турмушту легитимдүү жана натыйжалуу башкаруу системасын калыптандырууну өбөлгөлөйт, т.а., элдин бийлигин орнотуу, мамлекеттин эгемендүүлүгү, башка өлкөлөр менен тынчтыкта карым-катышуусу. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын биринчи бөлүмүндө, конституциялык түзүлүшкө арналып, кыргыз Республикасы өз аймагында мамлекеттик бийлигинин толук кандуулугуна ээ, ички жана тышкы саясатты өз алдында жүргүзөт *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы27 июнь 2010 ж. [Текст] – Б., 2010. – 16. 2 б.КР Мыйзам редакциясында28 декабрь 2016 ж. № 218]*.

Ички иштер органдарынын мамлекеттин функцияларын аткарууга катышуу проблемасына кайрылуу менен окумуштуу А.И. Гнатенко төмөнкүлөрдү белгилейт: бул маселе юридика илиминде бир заманга чейин илимде толугу менен изилденип бүтө элек, анын бир нече себептери бар: биринчиден, мамлекеттин мындай функциясы бар экендигин бардык окумуштуулар жактыра беришпейт, экинчиден, ички иштер органдарынын мамлекеттин саясий функциясына катышуусун шайлоолордо, референдумдарда, митингдерде, көтөрүлүштөрдө, жүрүштөрдө же дагы башка саясий акцияларда коомдук тартиптин сакталышын камсыздоо учурундагы катышуусу менен жакындаштырышат.

Анын пикири боюнча ички иштер органдарынын мамлекеттик чөйрөдөгү ишмердигин кароодо коомдук тартипти камсыздоочу каражат катары кабылданып, заманбап саясий-укуктук чындыкты толугу менен чагылдырбайт *[Гнатенко, А.И. Функции государства и роль органов внутренних дел в*

*ихреализации [Текст]: автореф. дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.01 / А.И. Гнатенко. - М., 2010. - С.18].*

Авторлордун пикирине макул болуу менен, белгилеп кетчү нерсе – алардын ролу коомдук тартипти сактоону камсыздоо менен чектелбейт, алар башка дагы аракеттерди ишке ашырат. Алсак, мамлекеттин саясийфункциясын ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары өзүн ар түрдүү саясий иш-чараларда коомдук тартипти камсыздоо менен бирге, ошондой эле жарандардын саясий укуктарын жана эркиндигин, мамлекеттүүлүктү жана коомдук коопсуздукту сакташат.

**Үчүнчү бөлүм** –*«Мамлекеттин маалыматтык функциясы жана анын Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылышы»*деп аталып,мамлекеттин маалыматтык функциясы түшүнүгү жана анын Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тарабынан ишке ашырылышын камсыздоо талдоого алынат.

Азыр XXI кылымда адамдын турмушундагы маалыматтардын ролу аныктоочу болуп саналат – ал канчалык көп билимдер менен көндүмдөргө ээ болсо, ал адис жана кызматкер катары ошончолук жогору бааланат, коомдо ошончолук көп урмат-сыйга ээ болот. Маалымат адамдык, каржылык, материалдык ресурстар менен катар эле, маанилүү, стратегиялык, башкаруучу ресурстардын бири болуп калды. Аны өндүрүү жана керектөө коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүнүн жана, баарынан мурда, экономиканын натыйжалуу иштеши менен өнүгүшүнүн керектүү негизин түзөт. Бул да болсо, ар бир адамга биздин планетанын ар кайсы булуң-бурчунда маалыматтык булактары жеткиликтүү гана болбостон, ошондой эле алар генерацилаган жаңы маалымат бүткүл адамзаттын кенчи болот *[Васенина, А. Н. Информационная функция современного Российского государства [Текст]: автореф. дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.01 / А.Н. Васенина. – Нижний Новгород, 2007. – С. 16].*

Маалыматтык функциянын маңызы коомдун ичиндеги маалымат алмашууну калыптандыруу жана көзөмөлдөөдө турат, анын тышкы өз ара иш-аракеттеринин көрсөткүчтөрүн аныктайт. Ошондуктан анын аякы жыйынтыгы болуп коомдун маалыматтык чөйрөсүн башкаруу катары маанилүү максатка жетүү эсептелинет.

Мындан улам, мамлекеттин маалыматтык функциясы – мамлекеттин маалымат чогултуу, кайра иштеп чыгуу, сактоо, жайылтуу тармагында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгып, кабыл алуу, көпчүлүккө маанилүү делген маалыматты көзөмөлдөө боюнча ишмердүүлүгүнүн өзгөчө багыты.

Кыргыз Республикасында маалыматтык функцияны ишке ашыруунун негизги укуктук негиздери катары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын "жалпыга жайылтуу каражаттары жөнүндөгү" Мыйзам, маалымат чөйрөсүн жөнгө салган укуктук-ченемдик актылардын катары бар.

Белгилей кетсек, маалыматтык мыйзам боюнча бирдиктүү улуттук концепцияны кабыл алуу зарыл. Буга байланыштуу Б.К. Оторова төмөндөгүнү



жазат: "учурдагы ченемдердин системалдаштыруусу жана жакшыртуусу, ошондой эле жаңы мыйзам ченемдик актылар иштелип чыгат, алар мамлекеттик жүгүртүүнүн ар кандай аспектилерин, маалыматтык-укуктук мамлелердин субъектилеринин укуктук статустун негизги аспектилери» *[Оторова, Б.К. Правовое регулирование информационно-правовых отношений в Кыргызской Республике [Текст]: дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.01 / Б.К. Оторова. – Бишкек, 2013. – С. 150].*

Азыркы учурда маалыматтык коопсуздук кыргыз коомчулугунун турмушунда маанилүү ролду ойнойт. Дал ушул маалыматтык коопсуздукту камсыздоодон көбүнесе коомдук, социалдык-экономикалык, саясий, экологиялык жана мамлекеттин башка бардык чөйрөлөрүнүн коопсуздугун камсыздоо көз каранды, ал эми аны камсыздоо, биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары алектенет.

Экстремизм, терроризм, радикализм сыяктуу тез өнүгүп жана коомдун бардык чөйрөлөрүн жабырлантkan кубулуштардын пайда болушу менен, инсандын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыздоодо ички иштер органдарынын ролу өсүүдө. Буга байланыштуу диний-экстремалдык мүнөздөгү адабияттын жайылышы менен пропагандасына жол бербөө боюнча чараларды күчөтүү зарыл, анткени диний экстремизм, баарынан мурда, ар бир өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч жаратууга багытталган. Ошондой эле ички иштер органдарына аларга мамлекеттин маалыматтык функциясын камсыздоону мыйзамдык негизде бекитүү негизделген.

**Төртүнчү бөлүмдө** – *«Мамлекеттин экологиялык функциясы жана аны Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылышы»*– мамлекеттин экологиялык функциясынын маңызы жана ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролу каралат.

Жаратылышты пайдалануу чөйрөсү мамлекеттин экологиялык функциясынын маанилүү бөлүгү болуп саналат, анткени илимий-техникалык прогресс менен цивилизациянын өнүгүшү, адамдын айлана-чөйрөгө кийлигишүүсү, анын жаратылыш ресурстарына керектөөчү мамилеси жагымсыз кесепеттерге алып келиши ыктымал, алар оңолгус экологиялык катастрофага алып келиши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 48-беренесинин 1-бөлүгүндө ар бир жарандын жашоосу жана ден соолугу үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө болгон укугу бекитилген *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы27 июнь 2010 ж. [Текст] – Б., 2010. – 48 б. 1 б.КР Мыйзам редакциясында28 декабрь 2016 ж. № 218].*

Мамлекеттин экологиялык функциясын азыркы мезгилдин жетектөөчү функцияларынын бири катары кароо зарыл, анткени бул функция башка функциялар менен адамзаттын келечеги үчүн айлана-чөйрөнү коргоо жана сактоого чакырат.

Мамлекеттин экологиялык функциясынын мүнөзү менен келишүүгө болот, анткени бул функция ички жана тышкы (комплекстүү) функция болуп саналат, ошондой эле экология жаатындагы улуттук күч-аракеттердин

натыйжасы жогору болот, эгерде жаратылыш байлыктарын рационалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттер ортосундагы чаралар менен айкалыштырылып каралса.

Э.Ж. Бейшембиевдин пикири боюнча, "Айлана-чөйрөнү эл аралык коргоо боюнча мамлекеттердин улуттук юрисдикциянын же контролдун чегинен сырткары айлана-чөйрөнү жана мамлекеттердин айлана-чөйрөнүн улуттук системаларына зыян келтирүү үчүн ар кандай булактардын түрлөрүн контролдоо жана жок кылуудагы аракеттери төмөнкүлөрдөн турат: а) болтурбоо; б) кыскартуу; в) сактоо *[Бейшембиев Э.Ж. Кыргызская Республика и Международное публичное право (словарь терминов) [Текст] / Э.Ж. Бейшембиев. – Бишкек, 2011, С. 96].*

Кыргыз мамлекетинин экологиялык функциясын ишке ашырууда ички иштер органдары маанилүү роль ойнойт. Бирок, "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында ички иштер органдары айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу атайын мамлекеттик орган катары көрсөтүлгөн эмес *[Закон Кыргызской Республики «Об охране окружающей среды» от 16 июня 1999 года № 53 // Информационный правовой Центр «Токтом». – Бишкек, 2013.].* "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында да табиятты коргоо жана экологиялык коопсуздук боюнча чараларды каралган мыйзамдарда ишке ашырууда алардын катышуусу каралган эмес. *[Закон Кыргызской Республики «Об органах внутренних дел Кыргызской Республики» от 11 января 1994 года №360 (В ред. Закона КР от 03 июня 2019 года №69)].* Буга карабастан жогоруда баяндалгандар ички иштер органдары экологиялык мыйзамдардын аткарылышын камсыздоо боюнча милдеттерди чечүүгө катышпайт дегенди билдирбейт.

Биздин оюбуз боюнча, ички иштер органдарынын жаратылышты коргоо багыттагы функционалдык милдеттерин чыгаруу негизсиз. Ички иштер органдарынын ар кандай түзүмдөрү, жарандардын жеке коопсуздугун камсыздоо, кылмыштардын жана административдик укук бузуулардын алдын алуу жана болтурбоо, коомдук тартипти коргоо, ишканалар менен уюмдарга, коомдук бирикмелерге, кызмат адамдарына жана жарандарга алардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоодо жардам көрсөтүү боюнча милдеттерди аткарып, ар кандай формаларда экологиялык ишмердүүлүктү дагы ишке ашырат. Буга байланыштуу мыйзамдык тартипте ички иштер органдарына Кыргыз Республикасынын экологиялык функциясын ишке ашырууда катышуусун бекитүү зарылдыгы негизделет.

**Үчүнчү глава – «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынынмамлекеттин укук коргоо функциясын ишке ашыруудагы ролу»**деп аталып,Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары тарабынан мамлекеттик укук коргоо функциясынын ишке ашыруудагы көйгөйлүү аспекттери изилденет, анын ичинде коомдук тартипти камсыздоо, инсандын жана коомдун коопсуздугу, ошондой эле кылмыштуулук менен күрөшүү каралат



**Биринчи бөлүм** – *«Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары коомдук тартипти сактоону ишке ашыруусу»*деп аталып, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын коомдук тартипти сактоону камсыз кылуу ишинеарналган.

Мамлекеттин укук коргоо функциясы мамлекет бардыгы мыйзам, сот алдында бирдей, тең укуктуулугун кепилдөөгө, коомдун бүт мүчөлөрү үчүн жалпы милдеттик мүнөзгө ээ болгон, коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө жүрүм-турум эрежелерин орнотууга милдеттүү экендигинде камтылат. Бул маселе мамлекеттин бардык укук коргоо органдары алектенген укук коргоо ишмердүүлүгүнүн процессинде жүзөгө ашырылат.

А.В.Мелехин эсептегендей, "мамлекеттин укук коргоо функциясы – укук тартибин орнотуу жана коргоо боюнча функциясы. Ал жарандар менен мамлекеттик органдар мамлекеттик көрсөтмөлөрдү түздөн түз аткарууну камсыздоо боюнча мамлекеттин ишмердүүлүгүн көрсөтөт» *[Мелехин А.В. Теория государства и права [Текст] / А.В. Мелехин. – М., 2007. – С. 59].*

Ар бир цивилизациялык мамлекет өзүндө белгилүү бир коомдуктартипти камсыздоого кызыктар.

Коомдук тартип демейде коомдук принциптер менен ченемдердин ишке ашырылышына, коомдук мамилелердин ырааттуулугунун аныкталган абалына негизделген катары каралат.

Өзүнүн укуктук макамына ылайык мамлекеттин механизм системасында жана аткаруу бийлиги системасында ички иштер органдары коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту камсыз кылууда башкы ролду ойнойт.

Коомдук тартип коомдун да, мамлекеттин өзүнүн да нормалдуу жашоосу жана өнүгүүсүнүн сөзсүз шарты болуп саналат, аны камсыздоо менен, биринчи кезекте, ички иштер органдары алектенет, ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына автор тарабынан берилген аныктама негиздүү:*бирдиктүү, мажбурлоого укуктуу, коомдук тартипти,жеке инсандын,коомдун коопсуздугунсактоо жана кылмыш менен күрөшүүгөмилдеттери бар,мамлекеттикбийлигинин укук коргоо органы.*

Аргументтелгендей, ички иштер органдарынын коомдук тартипти камсыздоо жана кайтарууда анын ролу абдан маанилүү болуп саналат, анткени алардын түзүлүшү зарылдыктан келип чыккан жана коомдук тартипти жогорку профессионалдык деңгээлде дайыма сактап туруу менен байланышкан, ошентип, аткаруу бийлигинин маанилүү функциясын аткарууга түртkү берип келет – жарандардын укуктарын жана эркиндигин коргоо, коомдук тартипти камсыздоо, инсандын жана коомдук коопсуздугун камсыз кылуу.

**Экинчи бөлүм** – *«Инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыздандырууда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары»*деп аталып, анда коомдук коопсуздук менен байланышкан коомчулукта болуп жаткан татаал процесстер, ошондой эле анынКыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан камсыздоо маселелери изилдөөгө алынат.

Коопсуздук мамлекеттин нормалдуу иштеши, адамдардын тынч жашоосу, туруктуу укуктук тартипти, башка мамлекеттер менен ишенимдүү кызматташтыгы ж.б.у.с. үчүн башкы шарттардын бири катары чыгат.

Өнүгүүнүн демократиялык жолго түшүшү менен Кыргыз Республикасы инсандардын, коомдук жана мамлекеттин коопсуздугуна карата дүйнө таанымдык мамилелер кайра карала баштады. Кыргыз Республикасынын Конституциясында адам укугу жана эркиндиги эң жогорку баалуулук, ал эми алардын таанылышы, сактоо жана коргоо – мамлекеттинмилдети.

Кыргыз Республикасында коомдун өнүгүшүнүн дал мына ушул этабында жеке жана коомдук коопсуздуктун, жеке жана мамлекеттик коопсуздуктун, коомдук жана мамлекеттик коопсуздуктун ортосундагы катнаштар көйгөйлөрүн илимий жактан иштеп чыгуу муктаждыгы жаралат.

Э. Э. Молдоев туура белгилегендей, «Улуттук коопсуздук жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «инсан-коом-мамлекет»үчилтик элементтерин, өтө маанилүү кызыкчылыктар, коопсуздук коркунучтары сыяктуу ж.б. түшүнүктөрдү ажырагыс кылып бириктирип, буга чейин илимий изилдөөлөрдө жетпей жаткан жана зарыл терминологиялык инструменттерди берет жана Кыргызстандын коопсуздугу жөнүндө мыйзамдарды мындан ары иштеп чыгууну сунуштайт»*[Молдоев,Э.Э Проблемы обеспечения национальной безопасности Кыргызской Республики [Текст] / Э.Э. Молдоев. - Бишкек, 2009. С.–32].*

Коомдук коопсуздук улуттук коопсуздуктун курамынын бирине кирет да, инсандын, коомдун жана мамлекеттин баарынан мурда жалпы коркунучту туудурган ички коркунучтардан корголгондук деңгээлинде чагылдырылат.

Кыргыз Республикасындакоомдук коопсуздукту камсыздоо түздөн-түз камсыздоо ички иштер органдарына жүктөлгөн. Эгерде башка укук коргоо органдары өз ишмердигинде коомдук коопсуздуктун белгилүү бир жагын камсыздоого киришсе, анда ички иштер органдары үчүн ишмердиктин бул жагы алардын тикелей милдеттери болуп калат. Бул ички иштер органдарынын жалпысынан коомдук коопсуздукту түзгөн негизги милдеттеринин катарына кирген: коомдук тартипти камсыздоо, инсандын жана коомдун коопсуздугу менен байланышкан. Ошондуктан ички иштер органдарынын кызматкерлериөз ишмердигинде төмөнкү принциптерди жетекчиликке алууга тийиш: мыйзамдуулук, жалпы адамзаттык баалуулуктар артыкчылыгы, социалдык акыйкаттуулук, башка жалпы демократиялык жана гуманисттик принциптер.

Ички иштер органдарынын ишинин сапатынан, демократиялуулугунан жана компетенттүүлүгүнөн, алардын даярдыгынан жана карапайым элдин укуктарын жана мыйзамуу кызыкчылыктарын коргоо жана канааттандыруу жөндөмдүүлүгүнөн өлкөдө иштин чыныгы абалы жана элдин бакубатчылыгы, айрым адамдардын жана коомдун жалпысынан мамлекетке жана анын ичинде ички иштер органдарына карата ишеним өлчөмү бир топ көз каранды.

Т.А. Жумабекова белгилегендей, «негизги укуктардын, эркиндиктин чектелиши сөзсүз мыйзам тарабынан конституциялык түзүлүштүн негизин, адеп-



ахлактуулук, башка адамдардын ден соолугу, укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, өлкөнү коргонуусун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо максатында зарыл болгон өлчөмдө жүргүзүлүүгө тийиш» *[Жумабекова, Т.А. Личность и право [Текст] // Т.А. Жумабекова. Наука и новые технологии – Б., 2012.№3 – С. 255].*

Коомдук коопсуздук коркунучунан улам, жалпысынан, кыргыз республикасынын ички иштер органдарынын ишмердигинин негизги багыттары жана стратегиясы булганган, бул чөйрөдө укук бузуу аракеттерине жол бербөө жана коргоого, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндигин камсыздоого багытталган иштин зарылдыгы менен аныкталат.

**Үчүнчү болүм** – *«Кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердиги»*деп аталып, ички иштер органдарынын кылмыштуулукка каршы күрөштү ишке ашыруудагы ишмердиги талдоолорго алууга арналат.

Мамлекетте кылмыштуулук менен күрөшүү эң маанилүү милдеттердин бири болуп саналат, анткени кылмыштуулукмамлекеттин өзүнүн жашоосунун негиздерин талкалайт.

Кылмыштуулук – бул социалдык-укуктук тарыхый жактан өзгөрмөлүү терс массалык көрүнүш, анда мамлекеттин (аймактын, дүйнөнүн) тигил же булдоорунда жасалган кылмыштардын жыйындысы топтолот, анын баары сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт.

Кыргыз Республикасындакылмыштуулук менен түздөн-түз күрөшүү ички иштер органдарына жүктөлгөндүгү негиздүү. Бул ички иштер органдары азыркы мамлекеттүүлүк менен мыйзамдуулуктун күчтүк кепилдиги болуп саналышы менен байланышкан, анткени дал ушуларга гана өлкөнүн мыйзамдары аркылуу алдыга коюлган милдеттерди аткарууда куралдарды, атайын каражаттарды жана техникаларды белгиленген укуктун ченемдерине ылайык колдонуу укугу берилген.

Кылмыштуулук менен натыйжалуу күрөшүү максатында Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишин кылмыштуулукту болтурбоону күчөтүүгө; бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн макулдашылган аракеттерин уюштурууга; бийликтин бардык деңгээлдериндеги органдары менен конструктивдүү кызматташууга жана коомчулук менен өз ара тыгыз аракеттенүүгө буруу зарыл. Бул жерде жаңы жазык жана кылмыш-жазык мыйзамдары жакшы жардамга келет, муну менен алар кылмыштуулук каршы күрөшүүдөгү реалдуу механизмдер болушу керек.

Арийне,кылмыштуулук жана башка укук бузуулар менен күрөшүүдө бир көрүнүш катары жалпы коомчулук гана алардан башкысы өзүнүн прогрессивдүү өнүгүүсүнүн эсебинен арылуу менен күрөшө алат.

**Төртүнчү глава – «Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишин өркүндөтүү»**деп аталып, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишинин укуктук негиздери изилдөөгө алынат.

*теории прав человека и закон [Текст]: дис. ... д-ра. юрид. наук:12.00.01 / Н.Р. Розахунова. – Бишкек, 2010. – С. 122-123].*

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлеринин компетенттүүлүгүн жогорулатуу заманбап шарттарда өзгөчө мааниге ээ болот. Башкысы,кадр саясаты кызматкерлерде саясий же идеологиялык мүнөздү эмес, компетенттүүлүк, кесипкөйлүк, адеп-ахлактуулук сыяктуу сапаттардыаныктоого басым жасайт. кадрларды жылыштырууда чечүүчү критерийлерден болуп реалдуу иштер, алдыга коюлган милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүк эсептелет.

Мындан улам ички иштер органдары системасындаиштеген квалификациялуу адистерди кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо милдети келип чыгат.

Профессор Т.А.Асаналиев сунуш кылгандай, «Кыргыз Республикасынын ИИМ системасынын адистештирилген куу жайларындадаярдоонун көпбаскычтуусистемасын киргизүү туура болмок. Анын ичиндеКыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясынын алдында баштапкы даярдоочу лицей, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатып туруучу Квалификацияны жогорулатуу борбору – ЮЖБ ачылышы керек; ошондоой эле бакалавр программасы боюнча даярдоочу юридикалык институт керек. Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясынын өзүндө маистратура программасы боюнча, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, жана Жогорку академиялык курстардын алкагындаКыргыз Республикасынын ИИМ системасынын башкаруучу кадрлары дпаярдоону ишке ашырууну калтыруу керек» *[Асаналиев, Т.А. Проблемы реформирования системы органов внутренних дел Кыргызской Республики в современных условиях [Текст] / Т.А. Асаналиев // Новая наука: Теоретический и практический взгляд. – 2015. - №5-3.- С. 222-225].*

Кадрларды даярдоо менен бирге ички иштер органдарынын кызматкерлеринин социалдык жана укуктук корголушу, алардын материалдык-техникалык жана каржылык жактан камсыздалышы боюнча маселелердин мааниси өсөт. Тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын өздүк курамын социалдык коргоо жакшы жагына оошун кутүүдө. Мисалы, ички иштер органдары кызматкерлеринин айлык акысы жана пенсиясы башка күч органдарына салыштырмалуу эң төмөнкү деңгээлде, кызматкерлер үчүн турак үйлөрдү куруу жана үй берүүиштери солгундады. Милиция кызматкерлеринин эмгек шарттары жана социалдык корголгондугу эл аралык полиция органдарынын стандарттарынашайкеш келтирүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишин уюштурууда сунуш кылынып жаткан өзгөрүүлөр биздин коомдо укуктук реформаларды мындан ары ишке ашыруу процессинде керектүү. Ошондуктан канчалык оң натыйжалар көп болсо, ал реформалар, мамлекеттин функцияларын ишке ашырууда ошончолук ички иштер органдарынын ролун жогорулатат жана жарандарды бийликтин басмырлоосунда калбашынан коргоо деңгээли өсөт.



# КОРУТУНДУ

**Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөлөрдүн негизинде автор тараптан төмөнкүдөй негизги жыйынтыктар чыгарылган:**

1. Ар бир элдин жана жалпы адамзаттын кызыкчылыгын козгой турган глобалдуу көйгөйлөрдү ишке ашыруу жана чечүүнү талап кылган дүйнөдөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр заманбап Кыргыз Республикасына да таандыкжаңы функцияларды бөлүп көрсөтүүнү талап кылууда.Кыргыз мамлекетинин ишинин негизги багыттары өнүгүүнүн абалынажана келечегине коомду башкаруунун көбүрөөк сыналган негиздерин орнотууну талап кылган өткөөл мезгилдин шарттарында жаңыча көз караштар керек болуп жатат.

Мындан улам мамлекеттин функцияларын төмөнкүдөй аныктоого болот: *мамлекеттин функциялары– бул объективдүү зарылчылык менен чакырылган, мамлекеттик ишмердүүлүктүн негизги багыттары, алар өнүгүүнүн ар бир конкреттүү баскычында турган маселелерди чечүүгө милдеттендирилген, анын маңызын жана социалдык маанисин аныктайт.*

2.Азыркы учурда, мурдагыданда башкача,адамдын укуктарын жана эркиндигин мамлекеттин эң жогорку баалуулугу катары камсыздоодо маселени кайрадан карап чыгуу керек. Адам укугу– бардык мамлекеттердин ишмердигинин көрсөткүчү, ал өзүн укуктук көрсөткүч катары жарыялайт, ошондуктан алардын таанылышы, сакталышы жана корголушудемократиялуу коомдук башкы милдети болуп саналат.Кыргыз мамлекетинин башкы максаттарынын бири – бул укуктук мамлекетти куруу, анда башкы принцип – адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндигинин бекем сакталышы. Адамдын укуктары жана эркиндиктерин чындап сактоонун өзү бул укуктук тартиптин башаты жана тигил же бул кандайдыр бир талаага калып калуудан коомдун сактап калуунун кепилдиги.

Мамлекеттин ишмердиктин мындай маанилүүмаксатына жетүү, жарандардын укуктарын жана эркиндигин камсыздоодо, укук коргоо, анын ичинде ички иштер органдарынын жалпыишинин деңгээлинен көбүрөөк көз каранды. Адам укуктарын жана эркиндигин камсыздоодо ички иштер органдарынын ролу, баарынан мурда, алар тараптан ишке ашырылып жаткан укук коргоо функциясынынөзгөчөлүгү, аларга мамлекет тараптан жүктөлгөнспецификасы, ошондой элемыйзамдуулуктун укуктук кепилдиги менен шартталган өзгөчөлүгү аркылуу аныкталат.

Укук коргоо органдарында азыркыучурда жүргүзүлүп жаткан реформалардын маанилүү багыттарыболуп Кыргыз Республикасынын жаңы Кодекстеринин иштелип чыгышы жана кабыл алынышы болду, башкы максат – адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндигин коргоо.

3. Мамлекеттин функцияларынын теориясын изилдөөдө дагы бир маанилүү маселелердин бири – бул окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган, мамлекеттин функцияларынын классификациясы жөнүндөгү маселе. Мамлекеттин функцияларынын классификация колөмдүү жана ар тараптуу изилдөөнү, практикада рационалдуу пайдаланууну түшүндүрөт.

Колуңуздардагы изилдөөнү жүргүзүүдөКыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролун ачып берүү үчүнбиз мамлекеттин функцияларын төмөнкүдөй кылып бөлүштүрдүк.

Мамлекеттин функцияларын, заманбап Кыргызстандын түздөн-түз функцияларын изилдөөнүн жана аларды классификациялоонун ар кандай ыкмаларын салыштыруунун негизинде, жана аларды ишке ашырууда ички иштер органдарынын ролун аныктоого байланыштуу, мамлекеттин функциялары үч позициядан алып каралат. Биринчи позиция коомчулукту башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнөн карай ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн ачат. Экинчи позиция өткөөл мезгил шарттарында Кыргыз Республикасынын ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн аныктайт. Үчүнчү позиция Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн аларга жүктөлгөн маселелер жана алардын компетенцияларына жараша өзгөчөлүгүн эске алат.Кыргыз Республикасынын функцияларын изилдөөдөгү биздин мындай позиция ички иштер органдарынын аларды ишке ашыруудагы ролуэске алынды.

4. Мамлекеттин функцияларын кароодо мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун формалары да көбүрөөк маанилүү. Мамлекеттин функцияларын өнүктүрүү жана өркүндөтүүдөн алардын мазмунунан гана эмес, аларды ишке ашыруунун формаларынан жана методдорунан да көрүнөт.Дайыма кыймылдагы категорияларга бул формалар мамлекеттин жашоосу, коомдогу социалдык-экономикалык, саясий жана башка карым-катнаштары менен бирге өнүктүрүлүп, өзгөрүлөт.

Кыргыз Республикасынын функцияларын ишке ашыруу азыркы этапта түздөн-түз өз ара байланыштарда иштей турган уюштуруучулук жана укуктук формалардаишке ашырылат

*Уюштуруучулук формалары* мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу процессинде уюштуруучулук-даярдоочу иштердин эң чоң көлөмүнкамтып турат. Алар колдонуудагы мыйзамдардын алкагында жана тигил же бул органдын компетенциясынын чегиндеишке ашырылат. Бул, мисалы, конкреттүү мамлекеттик органдын, анын структуралык түзүмдөрүнүн материалдык камсыздалышы, тийиштүү кадрлардын, адистердин, техникалык тейлөөчү персоналдардын тандалышы, иш кагаздарынын жүргүзүлүшү, ар түрдүү маалыматтардын топтолушу, тариздетиши жана иликтениши, анын ичинде таанышуу үчүн жөнөтүлгөн каттар жана жарандардын арыздары.

*Укуктук формалары*укуктук ченемдерди түзүү, ишке ашыруу жана сактоо, ошондой эле укук жаратуучулук, укук аткаруучулук жана укук коргоочулук ишмердикти камтыйт. Укуктук формаларды ишке ашыруу үчүнуюштуруучулук ишмердикти ишке ашыруу зарыл, тагыраак айтканда укуктук эмес формалар ишмердиктин укуктук формаларын ишке ашырууда түздөн-түз кесепеттерге алып барат. Мамлекеттин функциясын ишке ашыруудагы аталган формалардын мындай байланышысөзсүз илимий изилдөөлөрдү талап кылууну өбөлгөлөйт.



5.Азыркы учурдагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык системасын кайра түзүүдөмамлекеттин социалдык-экономикалык функциясын эске алуу актуалдуу жана Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын аларды ишке ашыруудагы ролун аныктоо. Эгемендүүлүккө ээ болору менен Кыргызстандын экономикалык системасы олуттуу өзгөрдү. Мурда ээ болгон артыкчылыктуу мамлекеттик менчиктин ордунаменчиктин ар түрдүү формаларында ишке ашырылышы пайда болду. Эми экономиканын өндүрүш секторутүрдүү вектордук мүнөзгө ээ, мында ар бир вектор өз алдынча, башкалар менен атаандашуучу, экономикалык жактан өнүккөн багыттагы векторлор жаралды.

Ар түрдүү көз караштарды талдап чыгып, мамлекеттинсоциалдык-экономикалык функциясын аныктоодо биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:*мамлекеттин экономикалык функциясынын астында мамлекеттин калк үчүн сунуш кылынган социалдык-экономикалык коргоо чараларынын бүтүндөй комплексин камтыганмамлекеттин ишмердигининбагыты түшүнүлөт.*

Мамлекеттин социалдык-экономикалык функциясын ишке ашыруудаички иштер органдарынын да ролу бар, анткени алар өз кезегинде практикалык ишмерди аткарышат, өздөрүнүн функционалдык милдеттерин аткарууда тигил же бул деңгээлде социалдык-экономикалык мүнөздөгү көйгөйлөргө кабылышат.

Ички иштер органдары өздөрү да социалдык-экономикалык мамилелердин субъекттери болушат, анткени оз функцияларын аткарууда ар түрдүү шарттарда алар ар түрдүүнуктагы социалдык-экономикалык милдеттерди чечишет. Өз ишмердигинде ички иштер органдарыменчиктин мамлекеттик жанабашка формаларынсакталышын камсыз кылуу менен бирге социалдык жана экономикалык чөйрөдөгү ар кандай карым-катнаштардын өнүгүнө өбөлгө болушат.

